# Дидактика

№7 (34) октябрь, 2024-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити





## ОШМУ ЕВРАЗИЯДАГЫ ЭҢ АЛДЫҢКЫ УНИВЕРСИТЕТТЕРДИН ҮЧТҮГҮНӨ КИРДИ

Ош мамлекеттик университети “IAAR Eurasian University Ranking (IAAR EUR) - 2024” эл аралык рейтингинде экинчи орунду ээледи. Муну менен окуу жай Евразиядагы эң алдыңкы университеттердин үчтүгүнө кирди.

Баалоо окуу жайдагы илимий потенциал, эл аралык аренадагы орду, билим берүү программаларынын сапаты, окутуучулар жана студенттер арасындагы академиялык мобилдүүлүк боюнча аткарылып жаткан иштерге карата жүргөн. Ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү, ачык-айкындуулук, объективдүүлүк, маалымат булактарынын жеткиликтүүлүгү да каралган.

"IAAR Eurasian University Ranking" эл аралык рейтинги жыл сайын жарыяланат. Быйыл Казакстан, Нидерландия, Индия, Түркия, Латвия, Азербайжан, Молдова, Армения, Грузия, Кыргызстан, Өзбекстан жана башка бир топ мамлекеттердин алдыңкы университеттери катышкан.

ОшМУ 2021-жылы алдыңкы ондука кирген болсо, 2022-2023-жылдары үчүнчү орунду алган.

Жогорку окуу жайлардын көз карандысыз рейтинги университеттин ишмердигинин сапатын, академиялык коомчулуктагы, студенттердин, жумуш берүүчүлөрдүн арасындагы кадыр-баркын айкын көрсөтөт. Билим берүүнүн учурдагы тенденцияларына ылайыкташкан, атаандаштыкка жөндөмдүү билим берүү жана илим изилдөө чөйрөсүн калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Рейтингдик изилдөө – ЖОЖдордун билим берүү сапатын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында ишке ашырылат. Аны менен катар эле коомчулук окуу жайларда билим берүүнүн сапаты рынок талаптарына канчалык жооп берерин биле алат.



## АКЫЛБЕК ЖАПАРОВ ОШМУНУН МЕДИЦИНАЛЫК КЛИНИКАСЫНЫН КУРУЛУШ ИШТЕРИ МЕНЕН ТААНЫШТЫ

ОшМУ тарабынан курулуп жаткан Ош шаардык медициналык клиниканын курулуш иштери менен КРнын өкмөт башчысы Акылбек Жапаров таанышты. Медициналык клиника 2022-жылы университеттин карамагына өтүп, учурда курулуш иштери жүрүүдө. Медициналык клиника 7 кабаттан туруп, аянты 20 000 чарчы метрди түзөт. Жалпысынан 312 орундукка ылайыкташып, лаборатория, күндүзгү стационар каралган. Клиникада 4 операциялык бөлүм, 300 орундуу лекциялык зал, 12 окуу кааналары жайгашат. Оорукананын жаңы имаратынын курулушу медициналык бөлүмдөрдү кеңейтүүгө жана жаңыртууга гана эмес, коопсуздукка, интеграциялануура, инновацияга багытталган. Жаңы оорукана абсолюттук инклюзивдүүлүгү, энергиянын эффективдүүлүгү, натыйжалуулугу, көркөм дизайны, бейтаптарга багытталган заманбап тейлөөсү менен мыкты шарттар түзүлөт. Аталган клиникада боор, бөйрөк, чучук-сөөк трансплантация бөлүмү, микрохирургия, жандандыруу, операциялык бөлүм, гепатология, офтольмология, пластикалык хирургия, нефрология, гематология, дарт аныктоо бөлүмдөрүнөн турат.

Клиниканын ачылышы студенттерди окутуп жогорку квалификациялуу врачтарды даярдоо менен түштүктөгү боор, бөйрөк оорусунан жабыркаган бейтаптарга заманбап медицина кызматын көрсөтүүгө ылайыкташтырууда.

Эске салсак курулуш иштери 2023-жылдын жай айларында башталган. Учурда 70 пайыз иштер аткарылган. Клиника 2025-жылдын сентябрь айында пайдаланууга берилээри пландалууда..



Назгүл Каныбекова

**Мыкты мугалим 2024**

4-бетте



Б.К.Абытов, профессор

**Образование Кара-Кыргызской автономной области**

6-7-стр.

Шайлоо 2024




16-октябрдан тартып өлкөдө жергиликтүү кеңештерге шайлоо өнөктүгү жүрүүдө. Ага байланыштуу 29-октябрда шайлоо комиссиясынын төрайымы Нуржан Шайлдабекова ОшМУга иш-сапары менен келди. Иш-чаранын алкагында аралыктан добуш берүү боюнча маалымат берип, таза шайлоого чакырды. Шайлоо 17-ноябрь күнү өтөт жана Ош шаарынын эл өкүлдүгүнө беш партия катышып, 217 талапкер ат салышууда. Анын 75и айымдар, 142си мырзалар.

## ФУТЗАЛ БОЮНЧА УЛУТТУК КУРАМА КОМАНДАСЫНЫН БАШКЫ МАШЫКТЫРУУЧУСУ ЛУИС БЕРНАТ МОЛИНА ОШМУГА КЕЛДИ



ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков өлкөнүн футзал боюнча Улуттук курама командасынын башкы машыктыруучусу Луис Бернат Молина менен жолугушту.

Ректор машыктуруучуга университеттин футзал боюнча командасы, аларга түзүлүп жаткан шарттар, жаратып жаткан ийгиликтери тууралуу маалымат берди.

Машыктыруучу ОшМУнун футзалчылары өлкө ичинде командалардын арасында сап башында келе жаткандыгын, Кыргызстандын эң жогорку лигаларында оюн көрсөткөн мыкты командалар экендигин белгиледи. Андан сырткары футзалды кантип өнүктүрүү жаатында ойлору менен бөлүшүп, окуу жайдын спортко көңүл буруп жатканы кубандыраарын, кызматташууга даяр экенин айтты. Жакынкы аралыкта ОшМУнун футзал командаларынын ичинен мыкты оюнчуларды улуттук курама командага алуу пикирлерин да кошумчалады.

Луис Бернат футзал боюнча улуттук курама команданын башкы машыктыруучусу, ал буга чейин футзал боюнча Азия Кубогунда команданы жетектеген. Анын жетекчилиги алдында футзал боюнча Кыргызстандын курама командасы биринчиликте 6-орунду ээлеген. Ал улуттук III даражадагы футзал боюнча машыктыруучулук лицензиясынын ээси.

Учурда ОшМУнун футзал боюнча командасы Кыргыз Республикасынын супер лигасынын турнирдик жадыбалында 1-орунда баратат. Окуу жайдын футзал боюнча 2 командасы бар, 1-команда супер лигада, 2-команда биринчи лигада ойноп жатат.

## ОшМУнун студенти бокс боюнча эл аралык чемпионатта жеңүүчү болду

Бишкек шаарында өткөн бокс боюнча эл аралык чемпионатта Медицина факультетинин студенти Чынара Акматалиева алтын медалга ээ болду. Ал 64 килограмм салмакта күч сынашкан.

Мелдеш 25-27-октябрда өттү. Ага Кыргызстандын, Казакстан, Өзбекстан жана Тажикстандан спортчулары катышты.

Акматалиева жакынкы күндөрү өтө турган Кыргызстандын чемпионатына даярданууда.

Чынара Акматалиева беш жылдан бери бокс менен машыгып келет. Ал буга чейин Кыргызстандын эки жолку жана эл аралык чемпионаттын эки жолку жеңүүчүсү болгон. Спорт чебери. Учурда медицина факультетинин дарылоо адистигинде билим алат.



## ОшМУнун окутуучулары Наманганда тилдер багытындагы эл аралык конференцияга катышты




Филология жана маданият аралык коммуникация институтунунун доценти Курманжан Нармырзаева, педагогика, искусство жана журналистика институтунун педагогика кафедрасынын башчысы Гулмира Жутанова, аталган факультеттин журналистка адистигинин окутуучулары Сейил Эргешова, Чынара Абдиева, улук окутуучу Махабат Мамырова, окутуучу Айжан Умарова тилдер багытындагы конференцияга катышып келди. Иш чара 24-25-октябрь күндөрү Өзбекстандын Наманган мамлекеттик университетинде болду.

"Ономастикалык бирдиктердин социолингвистикалык, этнолингвистикалык, лингвопоэтикалык жана лингвомаданий изилдөө маселелери" аталышындагы экинчи эл аралык илимий-практикалык конференцияда ОшМУнун окутуучулары илимий баяндамаларды жасашкан. Андан сырткары тиешелүү адистиктер боюнча конок лекцияларды окуп беришкен.Иш сапардын алкагында Гулмира Жутанова Наманган мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасы менен билим берүү, илим изилдөө жана маданий багыттагы иш-аракеттерди камтыган келишимге кол койду.

*КЫРГЫЗСТЕСТтен өт!*

*«КЫРГЫЗСТЕСТ» системасынын көчмө тобу 2024-жылдын октябрь-ноябрь айларында Ош шаарында мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоочу тест жүргүзү үдө. Буга бир катар ишкана-мекемелердин кызматкерлери катышат. Тиешелүү деңгээлдин сертификаты жарандын баарлашуунун бардык чөйрөлөрүндө кызматтык милдетти жана ишти так аткара алуу жана коммуникативдик компетенциясынын деңгээлин тастыктайт.*

*Эскерте кетсек, ОшМУда 2021-жылдан бери кыргыз тили деңгээлдеп окутулуп келет. Студенттердин тил билүү деңгээлин аныктоочу-баалоочу тест системасы, кесипке багыттап, деңгээлдеп окутууга багытталган окуу куралдары, окутуунун программалары, окуу-усулдук колдонмолор, субтесттер боюнча тесттик тапшырмалар иштелип чыккан. Факультеттер аралык кыргыз тили кафедрасы кызматкерлердин жана чет элдик жарандардын тил билүү деңгээлин жогорулатуу курстарын ийгиликтүү окутуп келет.*

*Урматтуу, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес ишкана-мекемелердин кызматкерлери жана жарандар!*

*Тесттен өтүүгө даярдануу жана деңгээлди жогорулатуу үчүн толук маалыматты 0778114140 (WhatsApp) жана 0773-631-119 номерлери аркылуу алууга болот.*

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити



# Ош менен ОшМУ тагдырлаш...

***Орто Азиядагы тарыхы терең жана кооз шаарлардын бири -Ош. Калаабызда көп улуттар жашап, илгертен илим-билимдин ордосу болуп келген. Быйыл кылым карыткан шаарыбыз 3024-жылдык мааракесин тосту. Жылдан жылга жашарган калаабызда агартуу тармагында эң алгач пайда болгон биздин ОшМУбуз да шаарга киндиктеш болуп, билим ордосуна айланып, мыкты окуу жайлардын катарында. Өзгөчө макамга ээ окуу жайыбыз жана шаарыбыз туурасында тарых илимдеринин кандитаты Сыдык СМАДИЯРОВду кепке тарттык.***



***-Агай, саламатсызбы? Алгач шаарыбыздын тарыхына токтоло кетсеңиз. "Ош" деген калаа качан пайда болуп, канчанчы кылымдарда белгилүү боло баштаган?***

- Оштун шаар макамын качан алгандыгы илимде аликүнчө аныктала элек. Айрым илимпоздор Ош байыркы Давань падышачылыгынын мезгилинде эле (б. з. ч. II к.) шаар болгон, атүгүл анын борбор калаасы да болуп турган деген пикирди айтышса, башкалары Ош эрте орто кылымдар доорунда шаарга айланган деген ойдо турушат. Мисалы, белгилүү илимпоз-синолог Л. А. Боровкова байыркы кытай жазма булактарындагы маалыматтарды изилдеп, анда келтирилген Гуйшаньчэн (кытай тилинде «Ыйык тоонун жанындагы шаар» деген маанини берет - С.С.) шаары азыркы Ош шаарынын ордунда жайгашкан. Демек, ал (Гуйшаньчэн) Ош шаары болгон деген пикирин билдирген. Белгилөөчү жагдай, байыркы кытай жазма булагы «Хань шуда» б. з. ч. II кылымдын аягы – I кылымдын башында Хань-Давань согушунун мезгилинде Давань падышачылыгынын борбору кыска мөөнөткө Гуйшаньчэн шаары болуп турган деген маалымат катылган. Л. Боровкова өзүнүн монографиясында мына ошол Гуйшаньчэн шаары азыркы кайсы шаар болушу мүмкүн деген маселени иликтеп, ал Ош шаары болгон деген тыянакка келген. Шаардын аталышынын "Ыйык тоонун жанындагы шаар" мааниси да муну кошумча тастыктап турат. Анткени, байыркы мезгилден эле, Фергана өрөөнүндө ыйык тоосу (Сулайман тоо) бар шаар – Ош шаары гана болгон. Ал эми кыргыз археолог-окумуштуусу К. Ташбаева өзүнүн изилдөөлөрүнө таянып, байыркы Давань падышачылыгынын борбору Эрши шаары азыркы Ош шаарынын ордунда жайгашкан. Демек, Эрши шаары бул Ош шаары, анын аталышы "Эрши – Эши – Оши – Ош" болуп, тилдик модификацияга байланыштуу өзгөргөн деген илимий пикирин далилдеп келүүдө. Ошондой эле Ош Борбордук Азиядагы эң байыркы шаар. Ал байыркы Рим менен жашташ. Шаарыбыз татаал жана даңктуу тарыхка ээ. 2000 - жылдын 4-5-октябрында Оштун 3000 жылдык мааракеси белгиленип, ушул окуяга байланыштуу эгемен Кыргызстандын тунгуч президенти Аскар Акаевдин токтому менен Ош шаарына "Кыргыз Республикасынын түштүк борбору" деген макам берилди. Ошондой эле, 5-октябрь "Шаар күнү" деп, кабыл алынып, ошондон бери бул күн жыл сайын белгиленип, майрамдалып келүүдө. Шаардын так ортосунан орун алып, шаарга көрк берип турган жана анын өзгөчө символу болгон ыйык Сулайман-Тоо 2009-жылы ЮНЕСКОнун "Дүйнөлүк мурастар тизмесине" кирип, шаардын даңкын дүйнөгө таратты. 2019-жылы болсо, Ош шаары ТҮРКСОЙ эл аралык маданий уюму тарабынан "Түрк дүйнөсүнүн маданий борбору" деп жарыяланып, шаарыбызда бир катар эл аралык маданий иш-чаралар өттү. Мына ушул тарыхый, маданий окуялар шаарыбыздын тарыхын дагы да байытып, дүйнө коомчулугунда анын тарыхына болгон кызыгууну ого бетер жогорулатты.

***-Бул шаар эмнеси менен белгилүү болгон?***

-Ош шаары азыркы күнгө чейин алып жүргөн өзүнүн "Ош" аталышы менен эрте орто кылымдарга, тагыраагы IX-X кк. таандык араб авторлорунун эмгектеринде эң алгач эскерилген. Чыгыш менен Батышты байланыштырган Улуу Жибек жолу иштей баштаган мезгилден эле, башкача айтканда, б. з. ч. II кылымдан - б. з. XV кылымына чейин, Ош аталган трансконтиненталдык соода жолунун жүктү которуштурууучу (перевалочный) ири пункту гана болбостон, анын Чыгыш өлкөлөрү менен Батыш өлкөлөрүн байланыштырган өтмө дарбазасынын да ролун аткарган. Мындай абал, Оштун шаар катары гүлдөп өнүгүшүн шарттаган. Айрыкча соода-сатык тармагы менен белгилүү болгон.

***-Калаабыз оор күндөрдү да башынан өткөрүп, кара түтүн каптаган мезгилдер да болду...***

-Ооба, 1990, 2010-жылдары кайгылуу окуялар шаарыбыздын тарыхындагы кеткис так болуп калды. Шаардын жана шаар калкынын материалдык, социалдык абалына, шаардын экономикасына, эки элдин ынтымагына чоң зыян алып келди. Бирок, кеменгер, кең пейил элибиз бул оор кырдаалдан акылмандык, токтоолук менен чыгып кете алды жана эки элдин ортосундагы достук мамилени калыбына келтирүүгө жетишти. Бул окуялардан биз чоң сабак алышыбыз абзел. Андыктан, азыркы күндөгү шаар жетекчилигинин, жалпы шаар калкынын алдыдагы башкы милдети, мындай окуяларга келечекте жол бербөө болуу керек. Бул абдан маанилүү.

***-Эми агай агартуу тармагынан кеп кылсак...***

-Ош шаары Фергана өрөөнүнүн агартуучулук борбору болгон десек да жаңылышпайбыз. Мисалы, революцияга чейинки мезгилде эле, шаарыбызда 5 медресе, анын ичинда атактуу Алымбек датканын Ак медресеси болгон. Бул мекемелер балдардын сабатын жоюп, аларга диний, светтик билим берген. Ал эми Ак медреседе окуган балдарга, анын ичинде кыргыз балдарына Алымбек датка өз эсебинен стипендия төлөп турган. Бирок, алар совет мезгилинде "күжүрмөн атеизм" саясатынын капшабына кабылып, талкаланып жок болду. Бул өтө өкүнүчтүү. Агартуу иши, билим, илим, маданият өзгөчө совет доорунда ургалдуу өнүктү. Шаарыбызда шаар тарыхындагы эң алгачкы жогорку окуу жай 1939-жылы ачылган Мугалимдер институту болгон. Азыркы ОшМУнун тарыхы ошол Мугалимдер институтунан башталган. Быйыл мына окуу жайыбыздын 85 жылдыгын белгиледик. Улуу Ата мекендик согуш жылдарында (1942-ж. сентябрь айында) Ош шаарына Ростов шаарынан эки жогорку окуу жай: мамлекеттик университет жана педагогикалык институт эвакуация болуп келген. Шартка ылайык алар бириктирилип, Ош мугалимдер институтуна жайгаштырылган. Курамында 9 профессор, 25 доцент, 25 окутуучу, 14 ассистент жана лаборанттары менен келген бул окуу жайлар албетте, Ош мугалимдер институтунун илимий-педагогикалык сапатын олуттуу жогорулаткан. 1944-жылы эвакуацияланган окуу жайлар кайра кетишкен. Бул факт Ош мугалимдер институтутунун өсүп өнүгүшүнө чоң таасир эткендиги талашсыз. Алардын айрым педагогдору Ош шаарында калып калышып ишмердигин улантышкан.

1951-жылы Ош мугалимдер институту Ош педагогикалык институту болуп кайра түзүлүп, билим берүү ишмердигин байсалдуу улантты жана Кыргызстандын агартуу тармагына миңдеген жогорку билимдүү педагогдорду даярдап чыгарды.

***-Эгемендикке ээ болгондон кийин билим берүү тармагы кандай ыргакта өнүктү?***

- Кыргызстан эгемендикти алгандан кийин, 1992-жылы Ош педагогикалык институту заман талабына ылайык, Ош мамлекеттик университети болуп кайра түзүлдү. Бул болсо окуу жайдын билим берүү жана илимий ишмердигинин масштабын олуттуу кеңейтти. Азыркы күндө, ордендүү ОшМУ өзгөчө макамга ээ, Кыргызстандын лидер окуу жайы.

Айрыкча, акыркы 10 жыл аралыгында ОшМУ ар тараптуу күрдөөлдүү өнүгүүдө. Эгерде, эреже катары мурда Ош шаарынын символдору катары Сулайман-Тоо жана Ак-Буура дарыясы айтылып келсе, акыркы мезгилдерде ОшМУ шаарыбыздын дагы бир символуна айланды. Бул тарыхый чындык. Анткени, ОшМУ жана анын жамааты шаарыбыздын билимдин, илимдин, маданияттын ордосуна айлануусуна, ошондой эле анын экономикасынын өнүгүүсүнө олуттуу салым кошуу менен, шаарыбызды дүйнөгө таанытууда. Алэми, ОшМУ тарабынан курулган жана курулуп жаткан заманбап архитектуралык стилдеги окуу корпустары, спорт аянтчалары, социалдык объектилер ж.б. имараттар шаарыбыздын архитектуралык келбетине көрк кошуп, байыркы шаарыбызды жашартып, көрктөндүрүүдө. Андан сырткары саламаттыкты сактоо тармагында да бир гана адистерди даярдабастан, клиникалар элге кызмат кылууда. Ошондуктан, Ош шаарын ОшМУсуз элестетүү мүмкүн эмес. Бул учурдун ЧЫНДЫГЫ!

Маектешкен: Каныкей ЖОРОЕВА.

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити



# Назгүл Каныбекова: Менин ОшМУга биринчи жасаган кадамым – кесибимди туура эмес тандап алуу менен башталган



***4-октябрда "Жылдын мыкты мугалими - 2024" сынагы жыйынтыкталып, ОшМУнун сыймыктуу бүтүрүүчүсү, "Билим" лицейинин окутуучусу Назгүл Каныбекова баш байгени утуп алды. Биздин редакция аны менен маек курду.***

- Учурда бардык жакын санаалаштарыңыз, кесиптеш, достор, окуучуларыңыз сыймыктанып турган учур. Сиз туурасында жакындан билүүнү каалагандар да арбын. Алгач өзүңүздү тааныштырып кетсеңиз. Кайсыл жактан болосуз, балалыгыңыз кайда өткөн?

- Рахмат. Алгач бардык жакын санаалаштарымды, устаттарымды бул жеңиши менен куттуктайм. Анткени менин ар бир жетишкендигимде алардын салымы чоң. Өзүм жөнүндө айта турган болсом Жалал-Абад областына караштуу Чаткал районунун Каныш-Кыя айылында төрөлүп, чоңойгом. Ата-энем малчылык, дыйканчылык менен алектенишет. Үй бүлөдө тогуз бир тууgandын эң кичүүсүмүн.

- Билимге болгон кызыгууңуз кайсыл учурда башталган? Кантип математика адистигин тандап калдыңыз эле?

- Менден бир жаш улуу агам биринчи класска барганда мен 6 жашта болчумун. Ага кошулуп жазып, Алиппе китебин аны менен тең жарышып окуйт элем. Кээде мектептен келип эле сумкасын ыргытып жиберип ойногону кетип калчу. Мындай кырдаалды мен аңдып эле турам да. Дароо сумкасын ачып, тапшырмаларын жазып коет болчумун. Ошентип жүрүп өзүм биринчи класска барганда Алиппени жаттап алгандыктан эжекем Эне тил китебин карматып койгон. Экинчи класста окуп жаткан мезгилде менде бир окуя болгон. Ошол агам менен үйдө күрөшө берчүмүн. Бир күнү эрте менен туруп эле дагы күрөшө кеттик. Бутумду артка кайрып басып жыгылды. Алгач ооруну сезген жокмун. Бирок, ордуман туруп эле бутумду жерге койсом шылк дей түштү. Көрсө мууну чыгып кетиптир. Ошентип бутумду сыныкчыга салдырып бир ай төшөктө жатып калгам. Баягы агам өзүн күнөөкөр сезип мага мектептен бекитип бор алып келип берет. Үйдө атам жасап берген шахматтын тактасы бар болчу. Ошонун артын доска кылып эсептерди чыгарам. Агам күйпөлөктөп жанымаn чыкпайт. Билгенин үйрөтөт. Чүпүрөктү нымдап келип өчүрүп берет. Мектепти ушунчалык сагынганыман сабакка барам деп ыйлактай баштадым. Апам чанага төшөктү салып, мени олтургузуп алып мектепке сүйрөп бара баштады. Класска чана менен кошо киргизип, эки катар парталардын ортосуна токтотуп, астыма баягы шахмат тактамы парта кылып коюп берип өзү күтүп турчу. Чаткалдын -40 градус суугунда 4-5 саат күтүп, кайра алып кетчү. Ошентип мени басып кеткиче бир ай ташыды. Билим алуума ата-энем колунан келишинче, мүмкүнчүлүгүнүн барынча жардамын беришти. Алардын алдында өмүр бою карыздармын. Ал эми менин биринчи мугалимиме болгон сүйүүм мени мугалимдик кесипке шыктандырган десем болот. Эжекем менин көзүмө ушунчалык сулуу жана ошол эле учурда сүрдүү да көрүнчү. Күлгөндө оозундагы алтын тиштери жаркырап, өзүнө куп жарашып турганы дагы деле көз алдымда.

-ОшМУнун сыймыктуу бүтүрүүчүсү катары студенттик жылдарыңызда сиздин жашооңузга түрткү берген окуялар, жетишкендиктер жөнүндө айтып бериңизчи?

-ОшМУ мага көп мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берди. Дегеле окуйм, изденем, билим алам деген студенттерди университет ар тараптан колдойт. Ошол мүмкүнчүлүктөрдөн ар бири пайдаланып калса дээр элем. МИТ факультетинде окуп жүргөндө бизге дөөшаалар сабак берип калды. Жалаң илимдин докторлору, профессорлордон сабак алдым. Бул дагы Кудайдын мага берген эң чоң белеги деп билем. 2012-жылы профессор С.Каримов агайыбыз тарабынан берилчү "Атуулдук стипендияны" алган алгачкы беш студенттин бири болдум. Бул мага чоң стимул болду. Стипендия демекчи, эң алгачкы стипендияны мектепте алгам. Айылыбыздан чыккан Ташкара аттуу агабыз мектептеги жакшы окуган окуучуларга ай сайын 20 сомдон стипендия тапшырчу. Эң биринчисин атама алып келип берсем, атам акчаны ортого коюп "ырыскыңды ар дайым адал мээнетиң, билимиң менен таап же" деп батасын берип, кайра үстүнө 20 сом кошуп мага бергени эсимде. Стипендия көлөмүнө, аз же көптүгүнө карабай балага чоң жоопкерчилик, мотивация болорун жон терим менен сезгем. Себеби, өзүңдү бул нерсеге татыктуу алып жүрө баштайсың.




Мурункудан да көп окууну максат кыласың. Ошондуктан, мен да жакшы окуган окуучуларга стипендия уюштурам деп ниет кылгам. Бул идеямды жолдошум да колдогон. Буйруса ал күндөр да алыс эмес.

-Кантип бул кесипти тандап калдыңыз?

-Менин ОшМУга биринчи жасаган кадамым – кесибимди туура эмес тандап алуу менен башталган. 2008-жылы мектепти аяктап, жалпы республикалык тестирлөөдөн район боюнча эң жогорку баллды (188 балл) алдым. Ал жылдары азыркыдай курстар деле жок болгондуктан бул көрсөткүч эң жакшы деп эсептелчү. Ошондо да мектебибиз аябай сыймыктанган. Кошумча предметтердин баарын тандап, тапшырып койгом. Химия, биология, тарых предметтерин гана кошумча тандоого мүмкүн болчу. Ошентип химия, биология жана негизги тестти кошкондо 435 балл менен мактоолорго "мас" болуп келип, көпчүлүктүн көрсөтмөсү менен Медицина факультетине тапшырып алгам. Бул факультетке, болгондо да бюджетке өтүү кыйын болчу. Туугандарым аябай сүйүнүштү. Мен гана кам сүт ичип алган баладай, жүрөгүм түпөйүл болуп турду. Сентябрь айы келип окууга келдим. Ал кезде Медицина факультети азыркы Тарых факультетинин ордунда болчу. Биринчи эле күнү расписаниеден математика деген сабакты көрө албай бозала болгонум эсимде. Эки күн келип эле "математикага которулам" дегенге түштүм. Анда ректор Мухтар Орозбекович болчу. Айылдан атам келип, ректорго өзү суранып кирген. "Биринчи семестр окуусу зарыл. Жаны жылдан кийин гана которо алабыз" деген жоопту айтып чыкты. Жаны жылга чейин алар (математикада окуп жаткандарды айтып атам) көп нерсени окуп коет да деп так секирип болбойм. Ошентип сентябрдын 28си күнү деканаттан деломду алдым да (атүгүл алар башкы корпуска документимди өткөрүп үлгүрө электе) окууну таштап айылга баса бердим. Бирок, айылга келгенде көз караштардан, ар түрдүү сөздөрдөн катуу чүнчүдүм. Кесибимди жаңылыш тандап алдым, келерки жылы кайра башынан тесттен өтүп мугалимдикке тапшырам дегенимиди эч ким түшүнгөн жок. Көпчүлүгү "окуй албай, айдалып келди" деп кеп кылышты. Бул нерселерге бир жыл кулагымды жапырып чыдадым. Ал бир жыл мага адабий китептерди окуума зор убакыт болуп берди. Ооналактап жатып ыр жаздым. Бугумду ырдан чыгардым. Ошентип кийинки жылы дагы бир жолу тест тапшырып, айрылма талондордун бирин гана калтырып, калганын жыртып таштагам. Анткени дагы бир жолу адашуудан корктум. Анткени, бухгалтерияга тапшырсаң ал жакта математиканын түрүн окуйсуң деген сунуштарды угуп алып, дагы экиленип, багытымдан дагы бир жолу адашып кетпейин деген элем. Ошентип башкы корпуста математика адистигине окуй баштадым. Чыныгы жашоонун ырахатын сездим. Окууга күндө майрамга келгендей сүйүнүп келем. Мен го бир жылдан кийин өз кесибимди, жан дүйнөм каалап жаткан кесипти таап алдым. Жашоодо кесибин жаңылыш тандап алган адамдар көп да. Ошондуктан окуучуларыма ар дайым кесип тандоодо аброюна, айлыгана карап эмес жүрөгүңөр каалап жатканын тандагыла деп көп айтам. Адам жашоого бир жаралат. Бир жаралган жашоодо жүрөктү тыңшап иш тутпасаң, анда бул жашоонун маңызы кайсы. Ар бир адам өзү сүйгөн кесиби менен иштесе гана ал ишинде изденет, ойлонот, ийгилик жаратат.

-Сапаттуу билим берүүдө кандай ыкмаларды колдоносуз жана өзүңдөгү башкалар кайталабаган кандай сапаттарды атайсыз?

-Башкалардан өзгөчөлөнгөн деле сапатым жок. Болгону убактымды туура пайдаланууга аракет кылам. Өзүм менен өзүм сүйлөшкөндү жактырам. Себеби, ошол учурда гана эмнени туура кылып жатам, а эмнени туура эмес... анализдегенге мүмкүнчүлүк болот.

Сапаттуу билим берүү үчүн классты деңгээлдерге бөлүп окутууну жолго коюп алгам. Тактап айтканда классты үч деңгээлге А, Б жана С деген топторго бөлүп алам. Анткени математиканы бардык эле бала бирдей түшүнө бербейт. Ошондуктан, математиканы өздөштүрүү даражасына карай 3 топко бөлүп алам. Бул албетте мугалим үчүн даярдануусуна көп убакыт талап кылат. Бирок, окуучу үчүн эң жакшы жол. Сабакта ишмердүүлүккө тартылбаган бир да окуучу болбойт. Ар кимиси өзүнүн дараметине, чама-чаркына ылайык маселени чыгарат, тапшырманы аткарат.

- Ийгиликке жеткен окуучуларыңыз барбы? Алар жөнүндө бөлүшө кетсеңиз?

- 2018-жылы окуткан бүтүрүүчүлөрдөн бир Алтын сертификат алган окуучум болгон. Республикалык предметтик олимпиадага бир нече окуучуларымды даярдап катыштырдым. Ошондой жакшы окуган окуучуларымдын мугалимдик кесипти тандап алганы - менин эң чоң жетишкендигим деп эсептейм. Буйруса алардын келечеги алдыда. Чоң ийгиликтерин көрүп, жакшы иштерин көрүп ушул баланы, ушул кызды мен да окуткан элем деген сыймыктануу сезимин ар бир мугалим сезип көрүшүн каалайт элем. Бул сөз менен жеткире алгыс сезим.

- Сизди жашоодо ырлары жүрөктөрдөн түнөк тапкан мыкты акын катары да билебиз. Мугалимдик түйшүк менен жүрүп ыр жазууну таштап койбодуңузбу?

- 2014-жылы ыраматылык Исаков Каныбек агайымдын демилгеси, демөөрчүлүгү менен, акын Улукбек Омокеевдин редакторлугу алдында "Турмуштун теңдемеси" аттуу алакандай ырлар жыйнагым жарык көрдү. Агай өзү баш сөзүн жазып, ОшМУнун чоң актылык

(уландысы 5-бетте)

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

(башталышы 4-бетте)

залында таанытымын өткөргөн. Ошондон бери өзүмдү элден "ыр карызмын" деп сезип жүрөм. Көп убакыт жазбай калдым. Ошондо менин ыр жазарымды билген айрым инсандар жолукканда "жаңыр ырлар жазылып атабы" деген суроосу мен үчүн өтө оор тийчү. Бул кадимки акча карыз сыяктуу эле көрүнүш. Кээде дагы ыр сурайт деп көпчүлүк барчу жерлерге барбай жүрдүм. Бирок, кийин түшүндүм, чыгармачылык деген – бул бир эле поэзия же проза эмес. Чыгармачылык – бул бир сабак. Мен өзүмдү чыгармачылыгымы сабакка сарптап атканымы түшүнгөндөн кийин моралдык жактан "карыздар" сезими көп кыйнабай калды. Учурда изденип, көбүрөөк окууга убакыт сарптап жатам. Канчалык окуган сайын жазбай эле койсомбу деген оюм басымдуулук кылып баратат. Антекени жаман жазмакердин жазбай койгону – адабиятка кошкон чоң салымы деген сөз бар го. Жазбай коюп адабиятка салым кошуп атам.

-Устат жана досторунуз жөнүндө социалдык тармактарга жазган постуңузду окуп калдым. Чыныгы устат жана чыныгы дос кандай болуш керек?

-Окуучунун эң чоң бактысы – жакшы мугалимге туш болушу. Тагдырыма, ушул тагдырым маңдайыма жазган Жаратканга ыраазымын. Жашоомдо жалаң гана жакшы мугалимдерге туш болдум. Мени мектепте, университетте, практикада жүргөндө, жумушка киргенде колдоп, багыт берип, насаатын айтып турган эң сонун устаттарым бар. Алардын ар бири жөнүндө кези келгенде кеңири жазам. Учурдан пайдаланып бардыгына ыраазычылык билдирем. Көзү өтүп кеткен устаттарымды ар дайым эстеп, Куран окуп турам. Ал эми дос темасына келсек достукка өтө олуттуу карайм. Эң алгач мектепте Элгиза аттуу кызга кат жазып дос болгом. Мектепте окуп жүргөндө кыз-жигиттер кат жазышат эмес беле. А мен достук катын жазгам. Андан кийин да досторду күттүм. Аз болсо да, чыныгы досторум бар. Алыста болсо да, жүрөктөрүбүз жакын согуп жатканын сезген досторум бар. Бири-бирибизди колдоп, кубаттап турабыз. Дос жаатынан да бактылуумун.

-"Жылдын мыкты мугалими" болууну эңсеп турган дилгир мугалимдерге кандай кеңештерди бересиз?

-Жакында эле ОшМУнун "Кара-Суу" гимназиясында иштеген окуучуларым, бүтүрүүчүлөрүм куттуктап келишти. Көпкө сүйлөшүп олтурдук. Жалпы республикалык тестирлөөдөн эң жогору упай алган болчу. Ата-энесинин каршылыгына карабай мугалимдик кесипти тандаган. Химия предметинен сабак берет. Ишинди так, адилеттүүлүк, абийирдүүлүк, анан сүйүү менен эле аткара бер. Атайын конкурска катышайын деп жасаба. Бул нерселер өзүнөн өзү чогулуп олтуруп бир күнү даяр болгонуңду сезесиң. Ошол кезде анан мындай конкурстарга катыш деп кеңеш бердим. Башкаларына деле ошону айтмакмын.

- Сынакта баш байгени утуп алуу баарына эле буйрук бербейт. Адам эң биринчи өзүн жеңип каалоолорун орундатуу үчүн жашоодо кандай кадамдарды жасоо керек?

- Мен да сынакка катышып жатканда баш байгени утуп алсам ээ деп кыялдангам. Эң биринчи ойду, ниетти туура коюу керек экен. Андан кийин аракет. Кудайым деле аракетке берекет дейт тура. Баш байгеге жетүү мага дагы чоң жоопкерчиликти моюнума артып койду. Мен бул нерсени татыктуу алып жүрүшүм керек деп билем. Мурункуга караганда эки-үч эсе көп эмгек кылып, билим берүүгө салымымды ар тарапган кошуп, бул системада болуп жаткан реформаларга кол кабыш кылып, дагыда жакшы нерселерди жаратуум керек.

Кызыктуу маек бергениңиз үчүн чоң рахмат, иштериңизге ийгиликтерди каалайбыз.

Маектешкен:

ОшМУнун пресс-катчысы

Зинагул НУРАЛИЕВА

# БИЛИМ БЕРҮҮДӨ СҮЙҮҮНҮН РОЛУ

***"Билим берүүдө ийигиликтин көлөмү - билим берген адам менен билим алган адамдын ортосундагы сүйүүгө, сырдашууга, түшүнүшүүгө жана ишеничтин даражасына жараша болот. Бул нерселер канчалык күчтүү болсо, келечек ошончолук кубаныч тартуулайт"***

Мумтаз Турхан,

Түрк психологу

***"Сүйүү - бай болуу, жакшылыктардын көбөйүүсүнө шарт түзүү дегенге барабар. Башка бирөөнүн абалын ойлонуу - көңүлүбүздүн эшигин түбөлүккө ачуу дегендик"***

Жемил Мерич,

Түрк жазуучусу

Адамдар кайсы жашта болбосун ар дайым сүйүүгө жана мээримге муктаж болушат. Ошондуктан биз сүйгөн жана көңүл бурган адамдарга өзүбүздү жакын сезе баштайбыз. Жасалмалуулуктан алыс болгон "сүйүү" жана "мээрим" билим берүүнүн жана тарбия ишинин ийигилиги үчүн аба менен суудай керек. Сүйүү менен коозолдолгон билим берүү жөн гана "аракет" болуп саналат. Мыкты мугалим окуучуларын учу-кыйыры жок сүйүүгө бөлөп, алар менен ар дайым алектенет. Жардамга муктаж болгондорун айттырбай сезет, ар дайым жардам берүүгө даяр турат. Окуучулардын каталарына сабырдуулук менен мамиле жасап, аларга терең ишенет.

Өзгөчө башталгыч класстардын окуучуларына жылуу мамиле жасоо керек. Себеби, бул куррактагы окуучулар дагы да назик болгондуктан туура эмес ар бир мамилеге сезимталдык менен карашат жана мерез мугалимден таптакыр алыстап кетишет.

Биринчи классты башка мектепте окуп, экинчи классын бизден уланта баштаган окуучу мурунку мектептеги мугалимине көңүп калгандыктан кийинки мугалимин жактырбай жатты. Ошондуктан, ар түрдүү тентектиктерди жасап, бейчеки жоруктарга жол коё баштады. Мугалим окуучунун тентек кыялдарын карап туруп, аны "проблемалуу" окуучулардын тизмесине кошуп койду. Анан калса, мугалим да окуучуга кыжыры кайнап орой мамиле жасап жатты. Мугалим жана үй-бүлөсү менен сүйлөшүп төмөндөгүдөй кеңеш бердим:

-Үй-бүлө жаңы мугалимин даайыма мактоосу керек. Мугалим дагы окуучусуна жылуу мамиле жасап, өзүн сөзсүз түрдө сүйдүрүшү керек. Себеби, окуучулар жактырбаган мугалимден эч нерсе үйрөнө алышпайт.

Арадан көп өтпөй мугалим окуучу менен жакындан сүйлөшө баштады эле окуучу жаңы мектепти да жактырып калды.

"Дүйнөнү кутказган билим эмес, балким сүйүү. Рухту кубанткан өкүм берүү эмес, балким кызмат кылуу, жардам берүү. Мугалим, окуучусу тарабынан сүйүлүүсү керек. Мугалим окуучуга таасир этүү жана ортодогу мамилени бекемдөө үчүн сүйүү кудретинен пайдалануусу керек"

***Жан-Жак Руссо.***

## СҮЙҮҮНҮ БИЛДИРГЕН 3 БЕЛГИ

"Сүйүү коштолгон иш эч качан ийгиликсиздикке дуушар кылбайт"

***Зиг Зиглар,***

***Америка мотиватору***

Сүйүүнү жашатуу жана көрсөтүү үчүн айрым белгилерин түшүнүп алышыбыз керек. Чыныгы сүйүүнүн 3 белгиси бар, булардын биринчиси - көңүл буруу. Тилде гана сөз түрүндө жашап, бирок көңүл бурулбаган сүйүү чыныгы сүйүү эмес. Балким ал – жалганчылык болуп калат. Кыймыл-аракет, мамиле менен дал келбеген сүйүү жакшы натыйжа бере албайт. Сүйүүнүн ичинде көңүл буруу, сезимдерди бөлүшүү болушу керек. Жакындык болуш керек. Жардам берүү болуш керек. Эң манилүүсү, чын жүрөктөн, чын көңүлдөн болуш керек. Сөз менен айтылган сүйүү кыймыл-аракет менен коштолбосо анын таасири, жугуму болбо йт. Кыскасы, сүйүү сөздө эмес өзүбүздө болуш керек. Бул эреже жашоонун бардык учурунда колдонууга тийиш. Соода-сатыкта, саясатта, үй-бүлөдө, өзгөчө билим берүүдө.

Сүйүүнүн экинчи белгиси - угуу. Сүйлөшүп жаткан адамдын айтып жаткандарына көңүл коюп, ынтаа менен укканыбызда сүйүүбүз өз функциясын аткарган болот.

Билим берүү ишибиз таасирдүү болсун десек балдардын оюн жана алар жасаган нерселеринин таржымалын тажабастан угуубуз керек. Бул педагогикада ийгиликке жеткирүүчү негизги фактор болуп саналат. Баланын чыныгы достук сөздөрүн угуу жана ага маани берүү эки тарапты ого бетер жакындатат. Сөздөрүн эч кимге угуза албаган адам өзүн четке кагылгандай алсыз сезе баштайт.

Сүйүүнүн үчүнчү белгиси - маани берүү. Окуучуларыбыздын ийгиликтерине маани бергенибизде, колдоо көрсөткөнүбүздө сүйүүбүздү көрсөткөн болобуз. Алар сизден алган колдоо менен үмүтү жанданып алдыга жылат, жашоого даярдагана баштайт. Маани берген сайын дагы да мыкты, дагы да ийгиликтүү болуу үчүн жан дүйнөсүндө ишеничи жана каалоо пайда болот. "Маани берүү" балдарга таасир эткендей эле чоң адамдарды да шыктандырат. Демек, сүйүүнүн эң даана белгиси - маани берүү. Өзгөчө мектеп жашындагы балдарга дайыма, кандай абалда болсо да маани берилиш керек.

## СҮЙҮҮ АРКЫЛУУ МАМИЛЕ КУРУУ

Таалай агай мугалимдиктин алгачкы жылдарын толкунданууу менен өткөрүп аткан. Ага кыйырма беш жылдык тажрыйбасы бар кесиптеши окуучуга кандай мамиле жасоо жана кантип мугалими болуу керектигин баяндаган сөздөрүн төмөндөгүчө баяндады:

"Уулум, бул окуучулар өтө жакшылыкты билбеген калк болушат. Көп эле түшүнүктүү боло бербе. Ошондуктан класстын ичинде көп күлбө. Алардын даражасына түшпө, себеби, кийин эркелеп, сени менен дос болуп башыңа чыгып алышат. Аларды жакшы көрсөң дагы аларга сүйүүңдү билдирбе. Мындай кылып кабагыңды түйүп, аркадагы парталарга көз жүгүртөсүң. "Тургула, эй!" деп кыйкырасың. Өтө жай кыймылдаган бирөөнү доскага чыгарып эки жолу чаап жибересиң. Эгер мындай кылбасаң, класстагы абройуңду сактап кала албайсың. Кара, сен жашсың, тажрыйбаң да аз. Кечирип кой, бирок сен караңгысың. Окуучу мугалим ким экенин дароо түшүнөт жана андан пайдаланууга аракет жасайт. Эгер жумшак мамиле жасасаң классты башкара албайсың. "Ат тезегин кургатпай" мүдүргө даттанасың. Бул айткандарым менин кеңешим. Жыйырма беш жылдык тажрыйбама таянып бул нерселеди айтып жатам. Уулум, тажрыйбалар айтып жатат, тажрыйбалар. Эч бир педагогика сабагында өтүлбөгөн бул ыкма эски мугалимдердин мурас жолу менен уланып келе жатат".

